УДК: 347.1(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2019-4-19-23

**Усенова Айпери**
И.Арабаев атандагы КМУнун Э.Маанаев атындагы ТСУББ факультетинин аспиранты
**Усенова Айпери**
аспирант факультета ИСПО имени Э.Маанаева, КГУ им. И.Арабаева
**Usenova Ayperi**
graduate student Faculty of ISPO named after E. Maanaev, KSU named after I. Arabaev

# ЖАШТАР САЯСАТЫНЫН УКУКТУК-ЧЕНЕМДИК НЕГИЗДЕРИ

# НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫЕ ОСНОВЫ МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ

# LEGAL FRAMEWORK FOR YOUTH POLICY

**Аннотация:** Бул макалада автор тарабынан «жаштар түшүнүгү кенири талданып, Кыргызстандагы жаштардын абалы каралды. Мамлекеттин жаштар саясатынын негиздерин аныктоо менен бирге жаштардын ар түркүн категориялары чагылдырылды. Коомдо жаштардын социалдашуулары социалдык институттарсыз болушу мүмкүн эместиги аныкталды. Социалдык институттардын Жаштар саясатынын иш жүзүно ашырууга багытталган иш-чаралардын алкагындагы ведомсволук программалар белгиленди.. Ошондой эле, жаштар саясатынын жаштардын учурдагы жана келечектеги абалын жакшыртууга багытталган укуктук-ченемдери баамдалды..

**Негизги сөздөр:** тарых, коом, мамлекет, жаштар, саясат, социалдык, институт, программа, концепция.

**Аннотация:** В этой статье автор всесторонне анализируя понятия «молодежь» рассматривает состояние молодежи в Кыргызстане. На основе выявления основы государственной молодежной политики, отражены различные категории молодежи. Отмечена, о невозможности социализации молодежи без социальных институтов.Отражены ведомственные программы реализованные социальными институтами в рамках плана-мероприятий по реализации молодежной политики. А также, обоснованы нормативно-правые основы молодежной политики направленные на улучщение настоящего и будущего состояния молодежи.

**Ключевые слова:** история, общество, государство, молодежь, политика, социальное, институт, программа, концепция

**Resume:** In this article, the author comprehensively analyzing the concepts of "youth" examines the state of youth in Kyrgyzstan. Based on the identification of the basis of state youth policy, various categories of youth are reflected. It was noted about the impossibility of socializing youth without social institutions. Departmental programs implemented by social institutions as part of the action plan for the implementation of youth policy are reflected. And also, the legal framework of youth policy aimed at improving the present and future state of youth is justified.

**Keywords:** history, society, state, youth, politics, social, institute, program, concept

Жаштар-социалдык топ катары карасак, мамлекеттин, өлкөнүн калкы, тарыхый өзгөрүүдөгү белгилүү бир өлкөнүн же мезгилдин прогрессивдүү өнүгүү маселесин чечүүгө объективдүү абалы боюнча биргелешип, ачык катышууга жөндөмдүүлүгү бар, таптарды, катмарларды өз ичине камтыган адамдардын жалпылыгы.

Жаштар– коомдун чоң жана кичине социалдык топтордун жыйындысы, коомдук өндүрүштүн жана ишмердүүлүктүн негизги күчү, тарыхтын негизги субъектиси.

Жаштар коомдогу социалдык структуранын өзгөрүүсүн чагылдыруучу категория. Ошол эле учурда калктын белгилүү бир социалдык топторду өзүнө камтыйт.

Жаштар – адамдардын жалпылыгынын бир формасы, демографиялык, аймактык, экономикалык жана маданий жактан жалпылыктар мүнөздүү. Алардын ич ара жалпы окшоштуктарды камтып турган элементтери болот.

2009-жылдын 31-июлу № 256 Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө мыйзамы” [1] жаш жарандар Кыргыз Республикасынын 14 жаштан 28 жашка чейинки курактагы жарандары жана жарандыгы жок адамдардын, б.а., жаш үй-бүлөнү колдоо, социалдык камсыздандыруу, эмгек менен камсыз кылуу, турак-жай, алардын бош убактыларын, милдеттүү аскердик кызмат ж.б.у.с) ар тараптуу чараларды өз кучагына камтыган, көп функционалдуу саясат[1].

Азыркы мезгилде «жаштар саясаты» деген жаңы муундарга карата бир катар “мамлекет тарабынан аныкталган социалдык кызматтардын аткарылышын белгилешет. Анткени, жаштар саясаты жаш муундардын төрөлгөнүнөн тартып 35 жашка чейин жаррандарды камтыйт”[2, -23б.].

Ошол эле учурда, «жаштар саясаты» − мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийликтеринин караштуу мекемелердин, комитеттердин, жаштарды социалдаштырууга багытталган иш аракеттерин камтыйт. Мисалга алсак, жаштардын көйгөйлүү маселелерине тийиштүү социалдык-экономикалык койгойлорун мисалга алсак, жумушсуздук, жакырчылык, алардын үй-жайысыз квартиралап журушу, иштегендердин манайасынын төмөндүгү, ички жана тышкы миграция, кылмышкердик, жаш үй-бүлөнүн социалдык жактан корголбогондугу ж.б. көйгөйлүү маселелеринин чечилише багытталат. Ошол эле учурда, жаштар саясаты жаштардын бош убакыт жана билим алуу чөйрөсүн камтыйт.

Мамлекеттин жаштар саясатынын негиздери жөнүндө биз белгилеп кеткен мыйзамдын негизинде кабыл алынган жаштар саясатынын 2 беренесинде жаштар саясаты - жаштардын турмушта ийгиликтүү өз ордун табуусу, алардын дараметин мамлекеттин кызыкчылыктарында өнүктүрүү үчүн укуктук, экономикалык, социалдык, уюштуруучулук шарттарды түзүүгө багытталуучу, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча ашкаруу органдары жүзөгө ашыруучу чаралардын системасын камтыйт. Бул саясаттын негиздерине таянсак, жаштардын ар түркүн категорияларын камтыган, мисалга алсак «жаш адис - 28 жашка толо элек, адистиги боюнча эмгек стажы 3 жылдан ашпаган жаран», «жаштар уюму - катышуучуларынын (мүчөлөрүнүн) кеминде 75 пайызы жаш жарандар”, “уюмдашпаган жаштар - коомдук пайдалуу эмгекке тартылбаган”, “жаштардын бейформал бирикмелери”, “жалпы кызыкчылыктары аркылуу бириккен жаш жарандар тобу”, “талаптуу жаштар ”, “оор турмуштук кырдаалдагы жаш жарандар” [1] жана башка жаштардын абалдарын жакшыртууга, келечекте кыргызстан коомунун татыктуу жарандары болуусуна туртку болушуна көмөк болот.

Анткени, мыйзамдын 4 беренесинде көрсөтүлгөндөй, мамлекеттик жаштар саясатынын максатты жаштардын өлкөнүн туруктуу жанычыл өнүгүшүн, аймактык бүтүмдүгүн жана Кыргызстан элинин маданий иденттүүлүгүн камсыз кылуучу активдүү жарандык позицияны жана баалуулук багыттарын калыптандыруу эсептелет[1] .

Жаштар саясаты нын орчундуу багыттарда жургузулушу абзель.

Биринчи багыты бул активдүү жаштарды өздөрүнүн келечектеги коомдук байланыштарга, мамилелерге, б.а. коомдук ролдорду калыптандырууга;

Экинчи багыты бул жаштардын коомдо болуп жаткан социалдык-экономикалык, руханий, маданий жана саясий процесстерине түз катышуусуна өбөлгө жана шарттарды түзүү.

Бул багыттарды камсыз кылуу учун ар бир мамлекетте социалдык институттардын мааниси чон. Анткени, биз белгилеген мыйзамдын 4 беренесинин 1 пунктунда жаштар саясатынын милдеттеринин негизгиси «жаштарды социалдашуу үчүн шарттарды түзүү», ар бир жаш атуулдун коомдогу социалдашуусун талдоодо социалдашуу социалдык институттарысыз мумкун эмес.

Ар бир коомдогу институттар адамдардын ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүн жөнгө салуучу функцияны аткарат. Ар бир мамлекетте институттардын ролдор жана статустар системасын уюштуруучу «формалдык» жана «формалдык эмес» эрежелердин, принциптердин нормалардын, багыт алуулардын туруктуу комплексин белгилөө мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Илимде «институт» - тартиптештирилген социалдык турмуштун маңызын көрсөтүүчү базистик тушунук катары кабылданат. Социалдык турмуштун манызына үй-бүлө, билим берүү, саламаттыкты сактоо, материалдык жана рухий өндүрүш, эс алууну уюштуруу, коомдун коопсуздугун камсыздоо, б.а. ар бир түшүнүктү баамдоодо ар бир жаш жаран мезгилдин чакырыктары менен коркунучтарына өздүк ан-сезиминин онүгүү денгээли менен туруштук берген жашоо шарттарын камсыз кылуусу зарыл. Бул камсыздоо социалдык институттарысыз мүмкүн эмес. Ошентип социалдык институттарысыз жаштардын социалдашуусун элестетүү кыйын. Кыргызстандагы социалдык институттары Билим берүү жана илим министрлигин, Дене тарбия жана спорт, жаштар иштери жана балдарды коргоо боюнча Мамлекеттик агенттигин жана Эмгек жана социалдык коргоо министрлигин камтыйт. Бул социалдык институттар жаштардын социалдашуусуна түздөн-түз жоопкечиликти алышат.

Социалдык институттардан тышкары, мамлекет мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелерин багыттайт жана зарылдыктардын негизинде максаттуу финансылык колдоого көрсөтөт. Мисалга алсак, мамлекеттик жана башка программаларды иштеп чыгуу процессине жаш жарандарды жана жаштар уюмдарын тартууну көздөгөн. Бул максатта эки улуттук программа жүзөгө ашырылган:

Биринчиси, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик Жаштар саясаты 2000-ж. 18-июнунда Кыргыз Республикасынын Президентинин указы менен бекитилген «Кыргызстанда 2010-жылга чейин жаштарды өнүктүрүү боюнча Улуттук «Жаштык» программасы аныкталган. Бул программа толугу менен ишке ашпаса да анын маанилүү жыйынтыктарынын бири - жаштардын жашоо-турмуш маселелерине тийиштүү бир катар мыйзамдардын кабыл алынышында. Мындай чен-өлчөмдүк актыларга ыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 9-мартындагы № 66 «1995-2000-жылдарга «Маданият аркылуу билим берүү» Концепциясы жөнүндө» токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-апрелиндеги № 259 «Кыргыз

Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн 2010-жылга чейинки концепциясы жөнүндө» токтому жана 2003-жылдын 30-апрелинде № 92 «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, «Баштапкы кесиптик билим берүү» ж.б. кошууга болот.

Экинчиси, бул жаштар менен 2006-2008-жылдар аралыгында аткарыла турган иштердин «Кыргызстан жаштары» улуттук программасы кабыл алынган. «Кыргызстан жаштары» улуттук программасы билим берүүнүн сапатын көтөрүү, жаштарды жумуш менен камсыз кылуу, кадр саясатында жаштарга көңүл буруу сыяктуу маселелер айтылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы № 640 токтому менен бекитилген 2015-жылга чейин жаштар саясатынын мамлекеттик Стратегиясынын алкагында социалдык институттар тарабынан программалар кабылданган, аларга токтолсок, Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлиги 2014-2016-жж. «Кесиптик орто билим берүү» программасын ишке ашыруу көздөгөн. Программанын максаты болуп Кесиптик орто билим берүүнүн мүмкүнчүлүктүү жана сапаттуу кызматтарын көрсөтүү аркылуу республиканын экономикалык тармагы үчүн жумушчу потенциалын түзүү каралган. Ал эми, «Эрезеге жеткендерге билим берүү» программасы, билим берүү үчүн шарттарды түзүү аркылуу калктын билим берүү денгээлин жогорулатууга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу. Өзгөчө, билими жок же мектепте билим берүү системасынын белгиленген мөөнөттөрдөн мурда чыгып калган адамдарды билим алуу жагынан реабилитациялоо. Ошондой эле бул программанын негизинде билими жок же мектепте билим берүү системасынан белгиленген мөөнөттөн эрте чыгып калган адамдарды негизги билим берүү менен камтуу жана экономикалык активдүү жаштарды эмгек рыногунун тез өзгөрүп жаткан талаптарына адаптациялоого көмөк көрсөтүүнү белгилеген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбиясы жана спорт боюнча мамлекеттик агентствосу «Массалык спортту өнүктүрүү» программасын кабылдаган жана анын негизинде жаштар үчүн дене тарбиясы жана массалык спорт үчүн шарттарды түзүүнү максат катары аныктаган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги 2014-2016-жж. «Калкты иш менен камсыз кылуу саясаты» деген программаны кабыл алган. Анын негизинде жумушсуз жаштарга иш менен камсыз кылуу саясатынын пассивдүү чараларын көрүүгө аракеттерди кылгын, мисалга алсак, жумушсуздук боюнча жөлөк пулдарды төлөп берүү. Ошол эле учурда жумушсуз жарандарды эмгек рыногунда талап кылынган кесиптерге окутуу зарылдыгы болгон. Ошондой эле, иш менен убактылуу камсыз кылуунун социалдык долбоорлорун, программаларын жайылтуу талабы коюлган.

Региондордо аймактык бөлүмдөрү тарабынан иш менен камсыз кылуу саясатын ишке ашыруу жана координациялоо, анын ичинде "Бош орундар жарманкесин" уюштуруу жана өткөрүү.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдар мезгилинде Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 10-августу № 471 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2017-2020-жылдарда жаштар саясатын өнүктүрүү» программасы Кыргызстанда учурдагы жаштар саясаты жаш адамдардын позитивдүү жигердүүлүгүнө түрткү берүүгө, алардын алдында турган чакырыктарды жана көйгөйлөрдү өз алдынча чечүү үчүн шарттарды түзүүгө негизделген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 9-ноябрындагы № 1053-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Ишеним жана биримдик” программасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өсүп келе жаткан муундун арасында сергек жашоону жана массалык спортту даңазалоого, толук баалуу инсанды жана жаранды калыптандырууга өзгөчө көңүл бурушу керектиги аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-октябрында №562 токтому 2020-2030-жылдардагы Жаштар саясатынын Концепциясын бекитти. Бул Концепцияга ылайык мамлекеттик жаштар саясаты биринчи кезекте жаштар үчүн өзүнүн адамдык потенциалын жогорулатуу үчүн мүмкүндүк берүүгө, мамлекеттин жана коомдун өнүгүүсүнүн негизги ресурсу катары жаштарды калыптандырууга, саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдө жаштардын демилгелерин колдоого, жаш жарандардын өзүнүн ден-соолугуна, ата-бабалардын мурастарына, айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүнө жана өзүнүн чечимдерине жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууга багытталат.

Жыйынтык катары айта кетсек, программалар, Стратегиялар, Концепциялар, укуктук-ченемдик негиздер иштелип чыгып, кабыл алынып жатат, бирок, тилекке каршы жалпы жаштардын абалы эч өзгөрүүсүз калууда. Ошого карабастан, жаштар келечекте кыргыз коомунун өнүгүшүнө салым кошуп келишүүдө.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. 2009-жылдын 31-июлу № 256 Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө мыйзамы //Эркин Тоо, 2009, 31июль
2. 2006-жылдын 6-ноябры № 760 Кыргыз Республикасынын Өкмотунун токтому 2006-2010-жылдарга өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы жөнүндө.
3. 2017-жылдын 10-августу № 471 Кыргыз Республикасынын Өкмотунун токтому Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «2017-2020-жылдарда жаштар саясатын өнүктүрүү» программасы.
4. 2019-жылдын 18-октябрында №562 токтому Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-2030-жылдардагы Жаштар саясатынын Концепциясы.
5. Алымкулов А. Жаштардын социалдашуусунун негиздери. –Б.,//Труды ИСРиП, 2016, -154с.


**Рецензент: т.и.к., доцент Алымкулов К.**